95-2-956 1118/18 АБ

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун торайымы**
**А.Токтобаевага.**

12.05.18
11.30

**Ош шаарына караштуу Жаналак**
**айылдык округунун Озгур**
**айылынын жашоочуларынан**

19 04 18
Б-06-0588

**К а й р ы л у у**

Биз, Озгур айылынын тургундары, Сиздерге кайрылуубуздун себеби томондогучо: Озгур айылы Жапалак айылдык-аймактык башкармалыгынын оз курамына кирет. Айылда 673 тутун , 4051 адам жашайт. Айыл тоо таянып, Ак-Буура дарыясынын он жак жээгинде жайгашкан. Ак-Буура 3 чон, 2 кичине каналга болунуп, бир багыты Оп адырга, бир багыты Толойкон аркылуу Араванга агып элге кызмат кылат. Негизги нугу Ош шары аркылуу отуп, Кара-Суу районуна, Озбек республикасына кызмат кылат.

Озгур эли ушул беш сала болуп болунгон суу жээгинде отурукташкан. Биз айылыбыздын коозлугуна, жашоого ынгайлуу, кышы жылуу, жайы салкындыгына сыймыктанып жашап келебиз. Ата-Бабабыз коп кылымдан бери жайгашып жашап келген жерден бизди Ош шаарынын Прокуратурасы доогер болуп, жашап жаткан уйлорубуздун токтомдорун жокко чыгарууга аракет кылып, эл эки айдап бери коогаланга туштук.

Биз башка жактан келген жокпуз, бак-даракты кыйып, акча табуу учун ашкана, ресторандарды куруп, дарыяны булгап, экологияга кыянат кылган жокпуз. Кайра илгертен дайра жээгин суу кирген учурда жеп кетпесин деп дарак отургузуп, таш тизип окмоттон бир тыйын сурабай суу жээгин бекемдеп келебиз.

Чынында ар бир жарандын укугу мыйзам тарабынан корголуш керек. Бирок, тескерисинче ата-бабабыз жашап келген жерден, « Борк ал десе баш алган » чиновниктердин айынан куугунтук жеп жатабыз.

2017-жылдан бери озубуз жашап жаткан уйду жокко чыгарса, бул эмне, элди атайын дурбонтуп, мамлекеттин тынчтыгына коопсуздук алып келип жатышабы? Бул – кандайдыр бир адамдардын жеке кызыкчылыгыбы деп ойлоп жатабыз, же жаны шайланган Президенттин карапайым эл менен байланышына тоскоолбу?

Эл баарын кечирет, эл баарын которот, бирок чыдоонун дагы чеги болоорун оз жашообузда коруп келе жатабызго, 2005-2010 жыл Ош элинин журогунон кете элек.

Кыргыз эли Президентибиз Сооронбай Жээебековдун жетектоосундо «Таза коом – жаны доор » доолборун кабыл алуу алдында турабыз, бул долбоор 2018-2040- жылдарга Кыргыз Республикасынын туруктуу онугуусунун стратегиясын иштеп чыкты, ал стратегиянын негизги максаты – Раттуу экономикалык онугуш, региондордун алакчыланбай, бирдей онуугуусун камсыздоо, жана коомдун коопсуз олкодо байгер бакубат жашоосун камсыздоо болуп жатса, бизде тынч, оз тиричилигин кылып жаткан элди, бизди Ош шаардык Прокуратурасы элди дурботуп жатканын кантип тушунсо болот?

Бул бери болгондо коррупция – акча иштеп табуунун булганыч бир жолу деп, терендеп алсак, бейкутчулукта жашап жаткан элге чыккынчылык, мамлекет менен элдин ортосундагы байланышка кылынган чагымчылык деп тушунобуз.

Кыргыз Рекспубликасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков, Ошту жана суу жээгинде отурукташкан Озгур жана Толойкон элин жакшы билет, анткени, коп жылдар Ош облусунун губернатору болуп, коптогон койгой маселелерди чечет. Ошондуктан, бул жондон жон « Борк ал десе баш алган » маселе экенин жакшы тушунот деген умуттобуз жана элди дурботнойт, кылымдан жашап келе жаткан уясын буздурбайт деген ишенич менен кол койдук: *(6-февраль 2018жыл)*

**Арыз ээлери - Озгур айылынын жашоочулары:**

1 Саспбаев Ш. С
2 Абдрахманов А
3 Текирова З
4 Маматов Т.С
5 Алматов Ж.М.
6 Узакова А
7 Ниматов Н
8 ...баева М
10 Бердибаев
11. Мадраимова
12. Уапаров Э.
13. Экемиркулова А.
14. Чокубаева А.Н.
15. Камаров С.К.
16. Саспбаев Ш.
17. Карчиев З
18) Саспбаев Б
19) Мусаев Б
20) Саспбаев Т
21 Саспбаев Н
22) Жолдошбаева
23) Советбек кызы Ч
24. Раимбердиева А.
25. Назирбаева З